ОшМУнун Физика-математикалык жана Инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин № 3-отурумунун

**Протоколу**

30-январь, 2026-ж.

*Төрайым:* п.и.д., профессор Келдибекова А. О.
*Катчы:* ф.-м.и.к., доцент Омаралиева Г. А.

*Тармактык комитеттин мүчөлөрү* – 35 мүчө.

*Катышкандар* – 19 мүчө: п.и.д., профессор Келдибекова А. О., ф.-м.и.к., доцент Омаралиева Г. А., ф.-м.и.к., доцент Осконбаев М. Ч., т.и.к., доцент Айдарбеков З. Ш., ф.-м.и.к., доцент Борбоева Г. М., ф.-м.и.к., доцент Беделова Н. С., э.и.к., доцент Имаралиев Ө. Р., доцент Сатаров А. Э., т.и.к., доцент Омурбекова Г. К., окутуучу Кубатов Н. К., окутуучу Мамаев С. С.; студенттер: Физика адистигинин 4-курсунун студенти Урмат кызы Ж.

Онлайн – п.и.д., профессор Бабаев Д. Б., п.и.д., профессор Смагулов Е. Ж., ф.-м.и.к., доцент Мамбетов Ж. И., Отомбаева Г. О., Кыштобаев О. Т., Дадаханов М., ф.и.к., доцент Баженов Р.И.;

Чакырылгандар: т.и.к., доцент Кудуев А. Ж., т.и.к., доцент Көчкөнбаева Б. О.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Негизги билим берүү программаларын талкулоо жана координациялык кеңешине сунуштоо.
2. Ар түрдүү маселелер

**УГУЛДУ:**

***1-маселе.***

***Келдибекова А. О.***: Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер, тармактык комитеттин мүчөлөрү, иш берүүчүлөр жана чакырылган коноктор! Бүгүнкү №3-отурумду ачык деп жарыялаймын. Күн тартиби менен тааныштыңыздар деп ишенем. Биринчи маселе – жаңы стандарттарга ылайык билим берүү программаларынын Негизги билим берүү программалары иштелип чыгып, бир канча жолу текшерүүдөн жана талкуудан өтүп, тиешелүү кафедралардын кеңейтилген жыйналыштарында каралып чыкты. Бүгүнкү отурумда 4 орто кесиптик билим беруу адистиктеринин Негизги билим берүү программалары талкууланууда.

***Кубатов Н. К.:*** Ар бир орто кесиптик багыт боюнча 33-бюллетендин негизинде жаңы иштелип чыккан стандарттарды эске алуу менен негизги билим берүү программалары иштелип чыкты. Бул программалар окуу процессин оптималдаштырууга, студенттердин компетенцияларын жана кесиптик жөндөмдөрүн күчөтүүгө багытталган, ошол эле учурда заманбап эмгек рыногунун жана коомдун талаптарына толук шайкеш келүүнү камсыз кылат. Айрыкча практикалык көндүмдөрдү жана реалдуу жумушчу тажрыйбасын өнүктүрүүгө күчтүү басым жасалган.

***Келдибекова А. О.:*** 4 төмөнкүдө көрсөтүлгөң орто кесиптик билим беруу адистиктери программалардын жетекчилери негизги билим берүү программалары боюнча презентация жасап, алар талапка ылайык экендиги белгиленди, ошондой эле кээ бир программалардын НББПлары толукталышы зарыл экендиги эскертилет:

***Келдибекова А. О.:*** Билим беруу программаларынын жаны стандарттар боюнча түзүлгөн Негизги билим берүү программалары тиешелуу кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралган жана протолдордун көчүрмөлөрү тапшырылган. Андан сырткары ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды

өткөрүшүп, талкуулашкан. Анда көрсөтүлгөн багыттар боюнча иштелип чыккан Негизги билим берүү программалары жактырылсын жана бекитүүгө сунушталсын чечим добушка коюлат:

Баары «макул», «каршы» - жок, «калыс» - жок.

Тармактык комитетинин Негизги билим берүү программаларын бекитүү сунушун бир добушта колдоп беришти.

## ТОКТОМ:

1. Көрсөтүлгөн Негизги билим берүү программалары жактырылсын

| № | Шифр | Багыттар/адистиктер |
|---|---|---|
| 1. | 190503 | Транспорттук электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо |
| 2. | 190604 | Автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо |
| 3. | 140212 | Электр менен камсыздоо |
| 4. | 200403 | Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана монтаждоо |

2. Жактырылган Негизги билим берүү программалар бекитүүгө сунушталсын

Тармактык комитеттин төрайымы: А. О. Келдибекова

Тармактык комитеттин катчысы: Г. А. Омаралиева